| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ<br>ТОҢ РАЙОНУ<br>АК-ТЕРЕК АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ<br>КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТОНСКИЙ РАЙОН<br>МЕСТНЫЙ КЕНЕШ<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА<br>АК-ТЕРЕК |
|---|---|

**Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин**
**VIII чакырылышынын IV кезексиз сессиясы**

# ТОКТОМ

2025-жылдын 10-марты №42 — Кара-Коо айылы

**Ак-Терек айыл аймагына караштуу калктуу конуштарга, көчөлөргө, парктарга (сейил бак, эс алуучу жайларга), муниципалдык мекеме ишканаларга, билим берүү мекемелерине ысым ыйгаруунун, алардын аталыштарын өзгөртүүнүн тартиби жөнүндө Жобону кабыл алуу жөнүндө**

Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин VIII чакырылышынын депутаттарынын сунушунун негизинде, Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин депутаттык этика, регламент жана мандат, социалдык маселелер, жаштар, спорт, билим берүү, саламаттыкты сактоо боюнча комиссиянын сунушу угулуп, талкууланып Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү Кеңешинин сессиясы **токтом кылат:**

1. Ак-Терек айыл аймагына караштуу калктуу конуштарга, көчөлөргө, парктарга (сейил бак, эс алуучу жайларга), муниципалдык мекеме ишканаларга, билим берүү мекемелерине ысым ыйгаруунун, алардын аталыштарын өзгөртүүнүн тартиби жөнүндө Жобо кабыл алынсын жана 1-тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Бул токтом каттоого алынып Кыргыз Республикасынын укуктук ченемдик актыларынын реестрине киргизүү үчүн Ысык-Көл областтык Юстиция башкармалыгына жиберилсин.

3. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин депутаттык этика, регламент жана мандат, социалдык маселелер, жаштар, спорт, билим берүү, саламаттыкты сактоо боюнча комиссиянын төрайымы А.Кендирбаевага милдеттендирилсин.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы өзүмө калтырылсын.

**Төрага** — **С. Эркинбек уулу**